新疆《玛纳斯》研究中心系列丛书 —— 21 —— Шинжаң «Манас» изилдөө борборунун басылмалары
内部资料 —— 2 —— Ички материал

# «МАНАС» ЖАНА КЫРГЫЗ САЛТЫ

# “《玛纳斯》与柯尔克孜族民俗文化”国际学术研讨会论文集

新疆《玛纳斯》研究中心

# «МАНАС» ЭПОСУНДА КИШИЛИК ӨМҮР КААДАСЫ ЖАНА АГА ТАРЫХЫЙ СЕРЕП

(Кошоктордун мисалында)

**Анарбекова Венера Эркинбековна**
Кыргызстан Жалал-Абад, ЖАМУ

"Манас" эпосунда кишилик өмүр каадасынын кошокторд‍ун мисалында изилдениши теманын актуалдуулугу. Анткени, биз жашаган дүйнөнүн баш катырма суроосу өмүр жолдошу өлүмдүн кайсыл убакта келиши биз үчүн өтө табышмактуу. Адам философиясы аркылуу миң кырдуу түшүнүктөр жаралат. Башка элдерден айырмаланып кыргыздар эч качан "өлүк көмүү" деп айтпай "сөөк коюу" деп келишкен же "өлдү" деп угузган эмес. Бул сөздөр байыртан, азыркы күнгө чейин элибизде каймана, кыйыр түрүндө айтылып келет. Макаланын максаты "Манас" эпосундагы жоктоого арналган салттар жөнүндө тагыраак айтканда кошок айтуу же маркумду даңазалоо салты деген суроолордун тегерегинде изилдөөнү туура көрдүк. Бүгүнкү күндө аткарылбай калган бирок, ошол учурдагы тул салуу, сөөгүнө ээ болуу салты жана эпостун эң эле белгилүү бөлүмү катары аш берүү салтына тарыхый анализ берилет.

Көз жумган инсандын сөөгүн ардактап жерге жашыруунун жөрөлгөсү байыркы кыргыз элинде жакшы сакталган. "Сөөктү сактап" барктап көмүү салтынын түрк тилдүү элдерде учурагандыгын өз учурунда И. Я. Бичурин да белгилеп кеткен.

Мисалы, Менин көзүм өткөн соң,

Кылыч менен кырдырып
Кымыз менен жуудуруп,
Чарайна менен чаптатып,

Булгаары менен каптатып **(ВЖЭ, 1979: 7, 81)** деп айтылган керээзде мында Көкөтейдүн жансыз денесинин сөөгүн этинен бөлүп алып, тазалап, табытка салып, анан жерге коюу тууралуу сөз болуп жатат. Бул элдик оозеки чыгармачылыкта гана эмес, жазма адабиятта да сейрек кездешүүчү ажыратып, сөөктү жерге коюу салты байыркы замандагы дүйнөлүк негизги диндердин бири болуп эсептелинген зороастризм динине таандык болгон. Олимпоздордун далилдөөсүнө караганда бул динди алып жүрүүчүлөр бир кезде ( б.з.ч. VI-к.- б.з. VII-к-на чейин) Волганын Чыгыш тарабын мекендеген көчмөн элдерде пайда болуп, кийин Ирак ж-а Индия империяларына таркаган. Мындай көрүнүштү тарыхый фактылар менен салыштырсак: Мисалы, кыргыздарда өлүк көмүүнүн адаттагыдан башкача түрлөрү сөөгүнөн этин шылып салышып, сөөгүн ата-бабалары жашаган жерге алып келип көмүшкөнүн көп жолуктурууга туура келген. Алсак, нойгут уруусунан чыккан Нарбото-бий Кашкар аймагы ченде согуштан каза табат. Анын максатташы жана уруулашы Нурдубай Нарботонун сөөгүнөн этин шылып салып, сөөгүн Газ же Согмент кыштагына (ал жерде нойгуттар жашаган) алып келип көмдүргөндүгү ***(Абрамзон, 1999: 226)*** тууралуу С. Абрамзон өз изилдөөлөрүндө мисал келтирген. Дагы белгилей кетүүчү нерсе кыргыз элинде жоодо курман болгон аскер башчыларынын сөөгүн этинен ажыратып, жүрөгүн өз

мекенине алып келип көмүү салты да белгилүү. Айтылуу Курманжан датканын улуу уулу Абдылдабек чет жерге сүрүлүп, ошол тараптан «элим, жерим» деп жүрүп каза табат. Ата-бабасынын туулган жеринен алыста жүрүп, куса болуп, санаа тартып ооруп, өмүрүнүн акыркы ирмемдеринде өзү менен кан кечкен жолдош-жоролоруна Абдылдабек мындай деген экен:

- Жан чыккан соң, көкүрөгүмдү жоо канжар менен жаргыла да жүрөгүмдү алгыла. . . Сөөгүмдү кара жердин койнуна бергиле, жүрөгүмдү аардуу ак кийизге ороп атып, ат тизгинин кайра тарткыла, насип буйруп, жети кылым жети атабыз мекен кылган жерге жетсеңер. . . гүл баскан дөңгө түшүп, чуңкур казып көмгүлө. . . Жүрөгүм жат жерде калбасын, жүрөгүм өз Мекемде жатсын. . . **(Касымбеков, 1990: 648).**

Кайрадан эпикалык чыгармага кайрылсак, андагы маалыматтардан улам бул диндегилер маркумдун сөөгүн жөн гана жерге көөмп тим болушпастан, аларды атайын жасалган ассуарилерге (өзгөчө табыттарга) салып ата-бабасынын сөөктөрү сакталып турган ыйык ибадатканаларга (храм) алып барып коюшкан. Мындай ибадатканалар дөөлөтүнө жараша алтын, күмүштөлүнгөн оймо-чиймедеги өзгөчө кооздуктар менен жабдылган жана сөөктөр аска таштын бооруна атайын оюлуп жасалган үңкүрлөрдүн ичинде сакталган. Көпчүлүк учурда маркумдун сөөгү менен кошо анын кейпи түшүрүлүп чоподон, жыгачтан, таштан, калайдан же алтын, күмүштөн (байлыгына жараша) жасалган чоң же кичине көлөмдөгү өзгөчө эстеликтер кошо коюлган. Ушундай ыкма менен сөөк коюу салты “Манас” эпосунда да жолугат. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас өлгөндө анын өзүнө окшоштуруп теректен чаап адамдын сөлөкөтүн жасап табытка салып Таластагы күмбөзүнө көмүшөт да, Манастын чыныгы денесине (сөөгүнө) алтын, күмүштөн жасалгалуу кийим кийгизип, курал-жарагы менен кошо Эчкиликтин зоосундагы Кара үңкүргө алып барып коюшат. /ңкүрдүн ичине бир канча үйүр жылкы кенен батат деп айтылат.

Манас баатыр ооруп жатканда Каныкей:
..Эчкиликтин ташынан,
Өлө электе Манаска
Жай камдаткан башынан
Оозун карап Каныкей
Жалгыз киши баткандай
Ары жагын көөлөткөн
Алты миң кой жаткандай... **(Манас, 1959: 309 )** - кылып, аземдеп мүрзө каздырган. Анын оозу таш менен бекемделип жабылат, сыртынан дайыма көзөмөл жүргүзүлөт. Кийин ушул эле үңкүргө кайып болуп кеткен Семетей да кирип кетет. Андан мурун ал атасына бата кылып келип, бул жерден Манастын сөөгүнөн башка да анын жакын адамдарынын сөөктөрүн, курал-жарактарын көргөндүгү эскерилет. Демек, биринчиден - бул эпизоддордо аска боорунда оюлуп жасалган чоң үңкүргө зороастризм дининдеги бир уруу элдин өлгөндөрүнүн сөөгү коюлуучу көрүстөн жөнүндө баяндалып жатат деп айтууга негиз бар.

Экинчиден - Археологиялык жактан караганда казанак көр болгон деп айтууга болот дешет изилдөөчүлөр (**Молдобаев, 2004: 17).**

Өлүүлөрдүн күмбөзү делинген ушул үңкүрлөрдө же атайын салынган сөөк сакталуучу “мүрзө үйлөрдө” ар бир адамдын сөөгү салынган “табыттарга” ылайыкталган бөлөк-бөлөк

элмөлөр жана текчелер жасалып коюлат. Ушул текчелерге коюлуучу "ассуарилердин" эломү, кооздуктары, оймо-чиймелери да маркумдун тирүүлүктө ээлеген ордуна, ектүүлүгүнө жараша болгон. Көпчүлүк учурда маркумдун тирүү кезинде жашаган үйүнүн ырткы кебетеси кичирейтилген формада чагылдырып берүүгө аракет жасалган. егинкиси ар кандай көрүнүштөгү күмбөздөр деле учурдагы адамдар керектеген рак-жайлардын өзгөртүлгөн көрүнүшү болгон. Мисалы, Чүй өрөөнүндөгү Кызыл-Суу лдыбарынан табылган "ассуранинин" көрүнүшү кудум эле жасалгалуу "ак үйдүн" ырткы көрүнүшүн берип турат. Ошол эле жерге үйдүн керегесин, босогосун, туурдук олорун, чийин менен чийип берип, эшик кайтарган эки сакчы курал-жарагы менен рсөтүлгөн. Башкача айтканда бул "үйдүн" ичине коюлган сөөк атак-даңктуу адамдын эгү болгондугун айгинелеп турат. Ушуга байланыштуу Манастын күмбөзү да бир учурда ордо үйдүн көрүнүшүндө салынгандыгын эске салып кетүүгө болот.

Үчүнчүдөн – өлүк коюулуучу жай жоокердин найзасы өз огунда эркин айлана ргандай кылып жасалган. Өлүк астына булгаары төшөлүп, жер таманга коюлган. Ар бир ук экинчи өлүктөн бийиктиги болжол менен 0,5 – 0,6 м.кирпич дубал менен бөлүнгөн, мусулман салтынын маркумдар бирин бири көрүшпөсүн деген талабына ылайык алган. Бул үй-бүлөлүк күмбөздөрдө ар кыл убакта 10 го жакын адам көмүлгөн. ыялардын айткандарына караганда, мындай күмбөздөрдө мурда көчмөн феодал елдөрүнө таандык болгон өзгөчө белгилүү адамдар, ошондой эле эң көрүнүктүү тырлар көмүлгөн. Аялдарды бул жерде көмүүгө уруксат берилген эмес **(Абрамзон, 1999:** ). Демек, "өлүүлөрдүн күмбөзү" деп аталган мүрзө үйлөрдөгү табылтар убакыттын шү менен мусулман салтына ылайыкташып кеткендигинен кабар берет. Мындан улам, гирилген маалыматтар кыргыз коомунда туугандык байланыштардын чоң роль ойной андыгын далилдейт. Өткөндө, патриархалдык башталышка, ата-бабаларды урматтап ыр т.ууга негизделген бул коом өлүк көмүү үрп – адатында да тууганчылык нцибин ырааттуулук менен сактаган. Жогоруда көрсөткөндөй, кыргыздардын өлүк үү үрп-адатында кечээ жакында эле негизинен теги белгилүү адамдарды чогуу көмүүгө лган жер алдында курулуучу көрүстөндөр сакталып калганын Манас эпосунан да, нки кыргыздардын турмушунан кезиктирүүгө болот.

Сөөктү жерге жашырууда элдик салтка ылайык маркумду акыркы сапарга узатууда ардын кошок кошуп ыйлаганы сакталган. Мисалы, баатырлар өлгөндө жесирине тул ырып, алтымыш кошокчу аял кошуп, аза күткөнү Манас өлгөндө;

Алтымыш катын кошокчу,
Тул түбүндө Акылай.
Баягы кайран женен Каныкей,
Боздоп турду буркурап.
Кошуп эле турат чыркырап **(Манас энциклопедия, 1995: 329)** - деген саптарда

ы эле кошоктордун айтылуусу кыз-келиндерге таандык экендиги жөнүндө баяндалат. деген сөздүн маанисин чечмелесек кыргыздарда өлгөн эрекектин үйүндө маркумду етүүгө тийиш болгон куурчак сымал тул жасоо болгон. Тикесинен коюлган жаздыкка мдун чапанын кийгизип, үстүнө анын чалмасын коюп коюушат. Тул бурчка улуп, көшөгө тартылат. Тул коюлган бурч тарапка ызаат мамиле жасашат. Маркумдун аш бергенге чейин башкача айтканда бир жыл сакталат. К. К. Юдахин белгилегендей убактарда тулдардын тулкусун жыгачтан жасашып, ага өлгөндүн кийимин

кийгизишкен. Тулдун жыгач тулкусун жана маркумдун боз үйүнө коюлган желек илинген бийик бакандды аш бергенден кийин отко таштап, өрттөп жиберишкен" (**Информатор Өмүраалы Байчериков, 1953**) тул эрди-катын жатчу жайдын үстүнө илинип коюулат. Жесир тулдун астында отуруп, маркум күйөөсүн жоктоп ыйлайт (**Абрамзон, 1964: 5-8).**

Бирок, тарыхый маалыматтарда эркектердин да кошок айтканы жөнүндө мисалдар көп. Мындай тартип ар дайым эле сакталып келген эмес. Мисалы, Манас эпосунун өзүндө эле элде алгач Манасты Ырчы уул айтып, өлгөндө анын баатырдык иштерин кошкондугу жөнүндө уламыштар бар. Ал кошокторду легендарлуу Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген дешет. Төмөндө Манас эпосунда эркек кишилердин айткан кошокторунан мисал келтирсек: Чоң казатта капыстан Чубак баатыр жоголуп кетет, ошондо Манас:

Кайраным Чубак сен элең,
Канган Манас мен элем.
Арстан Чубак сен элең,
Артымда Чубак жүргөндө.
Ааламды алам дээр элем (**Жусуп Мамай, 1997: 307).**

Ал эми Манастын Алманбетке кошкон кошогунда:

Айкырып Алмаң турганда.
Мен Бээжинди бузам дечү элем.
Алты түмөн кол келсе,
Аралап жеке кол салган,
Асылым Алмаң ала жат (**Манас, 1995: 103**) - өңдүү ыр саптары менен бекемдеши баатырдык идеяны тереңдеткен.

Ал эми Манас менен Алманбет өлгөндө Арууке менен Каныкейдин кошогунда мындай сөздөр айтылат:

Ар уруудан көйнөгүм,
Тартсам жетпейт мойнума,
Талыктырбай айкөлүм,
Тарта кетчи койнуңа (**Манас курама варриант, 1958: 206-207**) - бул сөздөрдөн жоокердик (варвардык) доорунда эри менен кошо аялдарын, кул-күңдөрүн, атын кошо көмгөн каада-салттын рудиментин (**rudimentum** – башталгыч деңгээл, эми гана башталган бүчүр, өспөй калган, жоголуп бара жаткан, мурунку доорлордон калып калган, эскичилик салт-санаа деген мааниде) көрөбүз, деп жазат Мухтар Борбугулов (**Борбугулов, 2004: 72).**

Тарыхта белгилүү болгондой байыркы Египет, Кытай сыяктуу өлкөлөрдө жана байыркы көчмөн урууларында аскер адамы жоодо каза болсо атын, курал-жарагын кошо көмгөн. Ал эми С.М. Абрамзондун эмгегинде кыргыздардын, ошондой эле Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдеринин каада-салтында никенин левират (жесири-жеңесин, келинин алуу) жана сорорат (балдызын алуу) (**Абрамзон, 1999: 160**) деген салты дагы жазылгандыгы маалым. Демек, күйүт үстүндө өлүккө кошо өздөрүн табыштоо маанисинде кошокто дагы чагылып жаткансыйт.

Тереңирээк ой жүгүртүп көрсөк Л.П.Потапов (**Потапов, 1952: 215**) менен С.И. Вайнштейн (**Вайнштейн, 1961: 218**) изилдеген никенин түрлөрүн (левират) көрүүгө болот жана эпосто Каныкейге Кыргыл чал менен Тазбайматтын жуучу түшүшү буга мисал боло алат.

Өлүм жана ага алып баруучу нерселердин бардыгы жамандык, тирүүлүк жана аны

бекемдеген нерселердин бардыгы жакшылык. Жашоодо тирүүлүк-өлүм, жакшылык-жамандык оппозиция. Ошентсе да жашоо улана берет. Жарыктыкта ар бир инсандын орду бар, жоготуу орду толгус кайгы. Мисалы, Жусуп Мамайдын вариантында Бакай хандын баласы Байтайлак калмактар менен күрөштө каза болот. Анын башын бир бөлөк, денесин бир бөлөк кылып Күлчоро атасына өңөрүп келет. Атасынын, көзүнүн жашы көл болуп, сакалы ылдый жаш кетип, шалдырап мууну бошоп, Бакайдын шайы кетип, күйгөнүнөн кара көздөн кан аралаш жаш кетип ыйлайт. Бул эпосто төмөндөгүчө айтылат:

Кайгысына Бакайдын,
Карагай-кайың тал ыйлап.
Өчпөскө бүткөн күн ыйлап,
Өсүп чыккан гүл ыйлап...
Элдин баары чуркурап.
Эси кетти буркурап **(Жусуп Мамай варианты. "Семетейден", 1997: 283)** деп

жалгыз кырчындай жаш баатыр өзүнүн түмөн кол аскери менен эл-жерди коргоо үчүн жарык дүйнө менен кош айтышкандыгын билдирет. Мындай трагедия жалпы эле эпикалык чыгармаларда кайталанат.

Каныкейдин кошогунда: "Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып" кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылган армандуу күйүтүн кошокто чагылдырат. Кеңеш Жусупов "Өткөн заманда күйөөсү өлгөн жесир аял бетин беш манжасы менен каната тырмап, дак салып, кара кийинип, аза күтүп, үй ээсин күнүнө үч маал жоктоп кара ашына чейин кошок айткан" **(Жусупов, 1995: 305)** деп жазат.

Саякбай Каралаев Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы менен таасын айтат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей "тарак тийбес кара чачынан" жулуп ыргытканда "тал-тал токой бүтөт", көз жашынан "дайра болуп кара суу агат" **(Манас. 1-бөлүм, 1959: 306).**

Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги жөнүндөгү ой, ата журт темасы алдыңкы катарга чыгат:

А дүйнө кеткен сен болдун,
Азапты тарткан мен болдум.
Береги кара жаак айбалтаң,
Кайкалатып ким аштайт?
Сурап ичме тойбогон,
Сугалагын койбогон.
Аргын кыргыз элинди,
Тополоң кылбай ким баштайт?"

Манастын абасы Кошой хан дагы ушундай кошок кошот:

Манасым, кара жаак айбалта,
Кайкайлатып ким аштайт,
Каңгайдан болсо чоң мүшкүл,
Алакандай журтумду,
Мунун акылын таап ким баштайт? **(Манас. 1-бөлүм, 1959: 304).**

Ак ордонун ортосунда алтын мамы каралап, башын жерге салып турган Тайбурул Ажыбайды жакындатпай, жүгөн салдырбай, жетегине баспай айдаса ордунан жылбай

койду. Хан айымы Каныкей жетелесе да козголбоду. Баатырга азаа тартканын көргөн Каныкейдин көзүнөн буурчактаган жаш кетти **(Жусупов, 1995: 168).** Камбыл жеңең Каныкей, мунун туйганын туяр туйгун жокда, билгенин билеер береен жок, олондой болгон кайран чачты төбөгө түйүп, кабар жеткен хандар, бийлер, мыктылар келгенче ооруп жаткан Манастын сарамжалын камдады 600 атка комдотуп, Анжияндан чоң челектерге топурак алдыртып, 7000 эчки жүнүн септирип, уйдун жүнүн коштуруп, 60 балбанга тепсетип, кыш бышырып, 7 кылым өткүчө жетигимдин күмбөзү бузулбай турсун деп аземдетип салдырды. Ичине кыял ойдурду, Ак олпок тонду кийген, Аккула минген Манас баатырдан баштап, 12 ханды,40 чорону, мыкты берендерди сүрөткө тарттырды. Ойроң катын Каныкей жалгыз жанга билгизбей, бир адамга көргөзбөй Желпиниш Урум элинен 70 уста-кулду алдырып, асылды ачык көмсөм арамза алты арам, кыйшык жүргөн душмандар ачып өчүн алат деп, Эчкиликтин Кара-зоосуна Манастын жайын каздырып оозун жалгыз киши баткыдай кылып, ар жагын көөлөтүп, 6000 кой жаткандай кенен кылып, үстү түшүп кетет деп, алтындан түркүк орнотуп, жакут таштан чырак салдырып, аккан кара сууну ичинен жүргүзүп, алтындан жаткыч салдырып, үстүнөн султан жаптырып, асты чирип кетет деп арчанын күлүн төктүрүп, өзүнчө катар жайын камдатып койду. Кулдар айтып коет деп, жетимишин биротоло жайлады. Кан ордодогу айчы алтын көк туунун ордуна кара туу сайылды. Ак ордо каралуу калайык бой боздоп, кара кийинди. Ак ордого жетинчи оң ыптада он миң, сол ыптада он миң эрен чекеге кара байланып, өйүз-бүйүз казганак тартып, ортого кенен жол коюп, тоо жаңыртып, басылбай, ылгый өкүрүп турушту. Алыстан айкөлдү жоктоп келгендер бөйрөгүн мыкчып таянып, ортодогу жол менен ак өргөгө жетишти. Манас баатырдын сөөгү 40 канат, 3 ак өргөгө коюлган, өтмө катар болгон деп өргөнүн бирден катар керегесин алып койгон экен **(Айдаркулов., Мырзабаева., Анарбекова, 2014: 170).** Эпикалык чыгармадагы мындай “бөйрөгүн таянып ыйлоо” салты кыргыз элинде XIX кылымга чейин сакталып келген. Мисалы, көчмөнчүлүк учурда маркумду эскерип, эң жакындары (маркумдун аялы, апасы же эже-карындаштарынан бирөөсү) жолмо-жол кошок кошуп жоктошкон. Азалуу көчтү «Каралуу көч» деп аташкан. Мындай көчтүн алдынан кыя өтүлбөгөн жана ал токтотулбаган, каршылаш душмандары да кол салбаган. Бул көрүнүш өлүмгө болгон сый-урмат катары бааланган. Көчтүн астында маркумдун минген атына кара жабууланган ээр-токуму менен кара жалпооч жабылып, ээр кашына камчысы, кылычы, жаасы илинип, найзанын учу жерге каратылып байланган. Кайгынын аты эсептелген «кара атты» маркумдун «Жан досу» же бир тууган иниси жетелеп, коч алдында жол баштаган. Көчтү көргөн кимде-ким болсо да жол бошотуп, четке чыгып, көчтү өткөзүшкөн. Жолдо болуп жаткан ар кандай шаан-шекөттөр токтотулган. Колдон келишинче жардам берилип, көчтүн буйдалбастан өтүп кетүүсүнө көмөктөшкөн. Каралуу аял кара кийими менен ат үстүндө эки бөйрөгүн таянып кошок кошкон, анын атын жеңеси же абысындарынын бири жетелеп жүргөн. Негизги көч булардан кийинки катарда гана жолго чыккан.

Кайтыш болгон адамдын үйүндө күнүгө маркум жоктолуп, кошок кошулган. Сырттан келген адамдарды утурлап, аялдар үн созуп кошок кошуп, эркектер өкүрүп турушкан. Кеңеш Жусуповдун кара сөз менен жазылган “Манас” эпосу деген китебинде төмөндөгүдөй маалыматтарды берет. Хан Кошой, Хан Бакай, Эр Төштүк, Эр Көкбөрү, Коенаалы баатыр болуп Каныкейди алып, Манас хандын сөөгүн сууга алып, супка салып оротуп, табытына жаткырып, 40 эшенге көтөртүп, Эчкиликтин зоосуна коюшкан.

Манастын сөөгүнүн жанына кылычын илип коюшту (**Жусупов, 1995: 171**). Хан Манастын кыяматтык жары болгон каралуу Сайкал нур чырайлуу ак бетин кандап, олондой болгон чачын жайып, кан аралаш аккан жашы тизесинде шорголоп, 40 чоросун ээрчитип, кынта конуп өз айлына барыптыр. Ордосуна жеткенде жан ачыган атасы касиеттүү Карача: "Манас деген кайран эр, кейибечүү шер беле" деп, тул салдырып, 60 аялга кошок коштуруп коюптур. Ал күнү Сайкал бир түнөбөй дүнүйөдөн кайтыптыр. Сайкалдын сөөгү ошол бойдон табылбай калыптыр. Көзү ачык олуялар: "кызырлуу Сайкал кыяматтык Манаска журту менен коштошуп туруп, анан кеткен көрүнөт"деп айтышкан экен. Манас менен дос болгон Урумкандын Көкбөрүсү белекке айкөлдүн чатырын алып кайтып баратканда жолдо жоо кол салып, Көкбөрү окко учуп кайтыш болот. Көрсө Манас 12 жашар баланы жолдош кылып алууну суранган экен, ошондо ал Теңирдин буйругу менен жолдош болуптур. 1 жыл өтүп ашы берилбептир, анткени, Абыке, Көбөш хандыкты талашып, ордонун ооматы качып, айкөлдүн ашын бербептир. Түндүгү тартылбаган ак өргөдөн каралуу Каныкей баатырдан калган жалгыз туяк Семетейди бооруна кысып, арылбаган армандуу кошогун кошуп боздойт.

Буга утурлай изилдөөчүлөр арасында бир канча макалалар жазылып талаш-тартыш маселелер болгон. Бирок, 1995-жылы Талас жергесинде "Манас эпосунун 1000 жылдык" маарекеси белгиленди. Мындай иш чара аркылуу Манас баатырдын ашы берилди деген ойлор да коомчулукта жок эмес. Анткени, элде "арбак ырaазы" деген сөз бар.

Ч.Валиханов "Кыргыздарда шамандыктын калдыктары" деген макаласында казактар менен кыргыздардын байыркы диний түшүнүктөрүн карап чыгып, арбактарды ата-бабалардын рухтары деп түшүнөт. Адам өлгөндөн кийин арбакка, багкача айтканда рухка айланып калаарын белгилеп, минтип жазат: "Анын тиги дүйнөдөгү бейкуттугу тууганадарынын аш багыштоо ырым-жырымдарын кандай аткаргандыгына байланыштуу болгон. Эгер аш жакшы берилсе, ал бейкут болгон, бардык туугандарын колдогон, андай болбосо, ал кыянатчылык, душмандык кылган" (**Валиханов, 1961:472**). Ушундан улам ата-бабалар культу менен кыргыздардын салттуу өлүк көмүү культуна кирүүчү аш ырым-жырымдарын өткөрүү кезмегинин ортосунда тыкыс байланыш келип чыккан десек болот.

Эпосто өз орду жана чыгармачылык чеберчилик менен колдонулган кошок ырлары окуянын кульминациялык чегин, башкача айтканда жалпы кыргыз элинин башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Кыргыз калкынын мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдө азаттыкка умтулуп, өз көз карандысыздыгын сактап келгендигине кошоктордун да таасири болгондугу келтирилген мисалдардан көрүнүп турат.

Жалпылап айтканда "Манас" эпосундагы сөөк коюу салты бүтүндөй кыргыз элиндеги маркумга болгон сый-урмат жана ар кандай ырым-жырымдар менен жерге жашырылгандыгы байыркы диний культтардын эл арасына кеңири тарагандыгы жөнүндө кабарлайт.

**Шилтемелер:**

1. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1999.

2. Абрамзон С. М. «Тул» как пережиток анимизма у киргизов. Төмөнкү китепте: Белек С. Е. Малову. Фрунзе, 1946.

3. Айдаркулов К. А., Мырзабаева Н. С., Анарбекова В. Э Кошок – инсанды эскерүү жанры. - Жалал-Абад, 2014.

4. Борбугулов М. “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы. - Бишкек, 2004.

5. Валиханов Ч. Ч. Собр.соч. Алама-Ата, 1961. 1 том.

6. Вайнштейн С.И. Тувинцы-тоджиинцы (историко-этнографические очерки) Текст.: научное издание С.И. Вайнштейн: отв.ред. Л.П. Потапов М.: Издательство восточной литературы, 1961

7. ВЖЭ. Ала-Тоо журналы, 1979

8. Жусуп Мамай варианты. “Семетейден”.: Кыргыздар. К. Жусупов. Бишкек, 1997

9. Жусупов К. Кыргыздар. - Бишкек, 1995. 1 том

10. Жусупов.К Манас. - Бишкек, 1995.

11. Информатор Өмүраалы байчериков, 90 жашта, Жети-Өгүз аймагы , Ысык-Көл өрөөнү, 1953-жыл. // С. М. Абрамзон Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999.

12. Касымбеков Т. Сынган кылыч. Эки томдук тандалма чыгармалар, т. 1. – Фрунзе, 1990.

13. Манас. 1-бөлүм, 2-китеп. - Фрунзе, 1959.

14. Манас энциклопедия. - Бишкек, 1995. 1-том

15. Молдобаев И. Б. Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов. - Бишкек, 2004.

16. Потапов Л. П. Краткие очерки истории и этнографии хакасов (XVII-XIX вв.).

Абакан: Хакасское областное государственное издательство, 1952.

17. Рудиментардык — (латынча rudimentum – башталгыч деңгээл, эми гана башталган бүчүр, өспөй калган, жоголуп бара жаткан, мурунку доорлордон калып калган, эскичилик салт-санаа деген мааниде.